# Күтүүсүз ойлоп табуу



Автор: Кубан Сапаралиев

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

# Күтүүсүз ойлоп табуу

Автор: Кубан Сапаралиев
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кутуусуз ойлоп табуу" (кыргыз тилинде), автор Кубан Сапаралиев, сүрөтчү Эржан Токтогулов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Илимге апасы эрте туруп короодогу чоң челекке суу толтурууну тапшырган. Бирок уктап калып, сегизде ойгонду. Дароо сыртка жүгүрүп чыгып, челектин кранын ачканча шашты. Минтип шашканынын себеби, бүгүн мелдеши бар, кечикпей барышы керек.

Бирок ага чейин суу челектин жартысынан гана болот. Демек, апасынын өтүнүчү аткарылбайт. Ал буга капаланат. Анткени капусталары бүгүн сугарылбаса куурап калат. Ушуларды ойлонгон Илим абдан ойногусу келип турса да, бүгүнкү мелдешке катышпай эле коюуну чечти. Машыктыруучуга чалып, уруксат сурамай болду.

Чай ичип бүтүп калганда дарбаза такылдады. Кошуна жашаган достору Медер менен Касен экен.

– Кеттикпи? – деп дароо эле шаштырышты.

– Бара албай калдым окшойт, – деп Илим себебин түшүндүрдү.

– Сен мыкты ойнойсуң да. Сенсиз утулуп калабыз.

– Эмне болсо да мелдешке катышууң керек, – деп достору каршы чыгышты.

– Челекке суу толтурбасам да болбойт! Апамды капаланткым келбейт, – деди Илим.

– Эмне болгон челек?

– Ушуну толтура албай жатасыңбы? – деп балдар челекти карай басышты.

Медер челекти айланып, үстөлгө чыгып ичин карады.

– Эмнеге суу толтурасыңар? Жашылчаларды шланга менен сугара бербейсиңерби? – деп сурады Касен.

– Апам шланга менен сугарганда суу ысырап болот дейт.

– Ысырап болсо эмне болмок эле? Суу деген түгөнгүс да!

– Суу көп болсо да үнөмдөш керек дейт апам. Челекке алдын-ала толтурулган сууну чака менен сузуп алып, ар бир жашылчанын түбүнө ченеп куят. Анын үстүнө кечке туруп жылып калган суу өсүмдүккө жагымдуу болот. Курамындагы жаман заттар да жоголот дейт.


– Челекке унитаздын калкытма тетигин орнотуш керек. Анда суунун толушун күтпөстөн кете бермекпиз. Ал толгон сууну өзү токтотот, – деди Медер челектин ичинен көзүн албастан.

– Кантип токтотот?

– Унитаздын идишине суу толуп келип, бир башындагы калкытмасын өйдө көтөрөт. Мындан улам экинчи жагындагы жоон ийнеси жылып барып, суу келип жаткан тешикти бүтөйт. Ошол замат суу токтойт. Агызылганда калкытма ылдый түшүп, тешик ачылып, суу куюла баштайт. Болгону ушул. Муну билгенде аябай таң калгам, – деп Медер кыскача түшүндүрүп берди.

– Жөнөкөй эле турбайбы. Мен унитаз ушундай оңой иштерин билбептирмин, – таң калды Касен.

– Чын эле жакшы акыл экен. Атама айтсам, челекке оңой эле орнотуп коёт болуш керек, – деп Илим бул акылга кубанып калды.





Медер челекти дагы айланта карап, ылдый кылса ачылган, өйдө көтөрсө жабылган кранын ачып-жаап көрүп, анын түбүндөгү тешикти көргөзүп Илимден сурады:

– Суу толгондо сыртка ушул жерден агабы?

– Ооба.

– Жылжып агабы же атырылабы?

– Орточо эле агат.

– Анда жакшы экен. Челекке суу толгондо кран өзү жабылгандай кылып берсем, мелдешке барасыңбы?

– Ооба, сөзсүз барам.

– Андай болсо мага жарым метрдей жип, анан бир чака берчи.

Илим досу кандайдыр тажрыйба жасаганы жатканын түшүнүп, айтканын аткарды. Медер жиптин бир учун крандын туткасына байлай баштаганда, достору анын максатын түшүнө калышты, мактап да жиберишти.


– Азырынча мактабай тургула, – деген Медер жиптин экинчи учуна чаканы байлады. Аны челектин кран турган тушунан ылдый салаңдатканда, суу акчу тешиктен бир карыш ылдый түшүп токтоду. Экинчи чака менен суу сузуп куйганда күткөндөй болбоду: оор салмактан улам, крандын туткасы өйдө көтөрүлбөй калды.


– Жип арткы жагынан тартканы үчүн көтөрүлбөй калды. Бир нерсе коюп бийиктетип, үстүнөн тарткандай кылыш керек, – деди Касен.

– Туура айтасың, – деп Илим ары жактан жоон тактай көтөрүп келди.

Медер аны челектин үстүнө туурасынан коюп, жипти кайра арта салып, бош чаканы салаңдатты. Бул жолу чакага суу толо электе эле оор салмактан улам крандын туткасы өйдө көтөрүлүп, суу токтоду.

– Ура-а! – деп сүйүнгөн балдар кол алыша кетишти.





Эми алар челек толуп келгенде, суу акчу тешик аркылуу чаканы толтурушту. Бул жолу крандын туткасы көтөрүлүп, суу токтоду. Аракет кылышып, чаканы ылдый басканда, кран сөзсүз жабылгыдай кылышты. Эми гана Илим мелдешке бармай болду.

Балдар кошуна айылдагы мелдештен кечинде гана кайтышты.

– Азаматсың, балам, эң жакшы акыл ойлоп таапсың. Челек толгондо суусун өзү токтотуп, "акылдуу" болуп калыптыр, – деп ата-энеси Илимди макташты.

– Жарайсың! Атаң экөөбүз балабыз ойлоп табуучу болот экен деп сүйүнүп калдык.

– Досторума рахмат! Медер кыйын экен, ошол үйрөтүп, чогуу жасадык, – деп Илим эртең мененки окуяны, беттеште коңшу айылдын футбол командасын утуп алышканын айтып берди.

– Үчөөң тең азаматсыңар! Эмнеси болсо да челекти оңой толтуруштун жолун таптыңар. Мелдеште да жеңип келдиңер, куттуктайбыз!

– Ата, челекке унитаздын калкытмасын орнотушубуз керек экен, – деди Илим.

– Ал деле жакшы акыл, бирок мага силердин ыкмаңар жакты, – деди атасы ойлонуп көрүп.


3
7
9

Илим капусталарды сугарып жаткан ата-энесине жардам бере баштады. Экөө ташып келген сууну апасы капустанын түбүндөгү чуңкурчага куюп, жерге сиңип кеткиче күтүп турду.

– Апа, бүгүн балдарга жашылчаларды ушундай сугарарыбызды айтып берсем, Акыл досум тамчылатып сугаруу ыкмасын сунуштады. Анын чоң апасы сугаруунун ошондой оңой жолун колдонот экен, – деди Илим.

– Ал кандай ыкма экен?

– Бул оңой эле. Желим бөтөлкө алабыз. Түбү менен моюнун ийне менен тешебиз. Өсүмдүктүн түбүнө бир карыштай жакын жерди эки эли тереңдикте оюп, бөтөлкөнү отургузуп, толтура суу куябыз. Суу ылдыйкы тешиктен акырындан тамчылап, жерге көптө барып сиңет. Эгер үстүндөгү тешикке чий сайып койсо, тамчы ого бетер жайлайт экен.

– Сууну үнөмдөгөн жакшы ыкма го.

– Ооба, жасап көрөлүчү, – деп ата-энеси жактырышты.


Илим жүгүрүп барып, үйдөн желим бөтөлкө алып келе калды. Алар уулу айткандай кылышты. Суу керектүү жердин өзүнө акырындан сиңе баштады.

– Сонун болду, балам! Ишти оңойлоттуң. Мурда үч литр кеткен түпкө эми бир жарым гана литр суу корой турган болду, – деп ата-энеси бул ыкманы Илим өзү ойлоп тапкандай кубанышты.

– Ооба, бул да өзүнчө "акылдуу" идиш турбайбы.

– Тамчылатып сугаруунун ал түрүн угуп-көрүп жүрөм. Апаңдын жүгү жеңилдеши үчүн аны деле жасап беребиз. Азырынча, ар бир өсүмдүктү ушундай "акылдуу" идиш менен камсыз кылып чыгалы, – деди атасы.

Илим ата-энесинин керегине жараганына жетине албай турду...





USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Кубан Сапаралиев
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли